УДК: 781.7
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-223-230

**Дамилова Н.А.**
ага окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
nuriyla.damilova@gmail.com
ndamilova@oshsu.kg
**Джумабаев Б.С.**
окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
**Ормонова Г.**
магистрант
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.

# Б.АБДУВАЛИЕВДИН АТКАРУУЧУЛУК ЖАНА ПЕДАГОГДУК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Аннотация:** Бул макалада музыкалык билим берүүдөгү педагог, комузчу, "Салтанат" фольклордук оркестрин жетектеген Б.Абдувалиевдин өмүр, чыгармачылык жолу, чыгармачылыгынын калыптануусу, өзгөчөлүгү, аткаруучулук жана педагогдук ишмердүүлүгү тууралуу изилденет. Анын элдик музыкалык аткаруучулук өнөр менен педагогдук ишмердүүлүгүндөгү ийгиликтери, өлкөнүн маданият тармагынын өнүгүүсүнө кошкон салымы белгиленет. Бир топ сыйлыктардын ээси Абдувалиевдин улуттук салттуу музыканын өнүгүүсүндөгү ордун, жаштарга өнөр үйрөтүү менен аларды жагорку адеп-ахлакка тарбиялоодогу педагогдук эмгегин, чыгармачылык жолун изилдөө учур талабы экендиги белгиленет. Макалада авторлор комузчунун чыгармачыл инсан катары жасаган эмгегин, педагог катары жаш муунга билим, тарбия берүүдөгү үлгү болорлук педагогдук чеберчилигин коомдо келечек муунду улуттун көрөңгөсү болгон салттуу музыканы баалоого тарбиялоо зарыл болуп турган учурда чыгармачыл жаштарга тааныштыруу максатын коёт.

**Негизги сөздөр:** улуттук салттуу музыка, элдик музыкалык аткаруучулук өнөр, оркестр, искусство, педагогдук ишмердүүлүк

**Дамилова Н.А.**
старший преподаватель
Ошский государственный университет
г. Ош
ndamilova@oshsu.kg
nuriyla.damilova@gmail.com
**Джумабаев Б.С.**
преподаватель
Ошский государственный университет
г. Ош
**Ормонова Г.**

магистрант
Ошский государственный университет
г. Ош

## ИСПОЛНИТЕЛЬСКАЯ И ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ Б.АБДУВАЛИЕВА

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются жизненный и творческий путь педагога по музыкальному образованию, комузиста, руководителя народного оркестра «Салтанат» Б.Абдувалиева, а также формирование его творчества и особенности его исполнительской и педагогической деятельности. Отмечаются успехи Б.Абдувалиева в народно-музыкальном исполнительстве и педагогической деятельности и вклад, который он внёс в развитие культуры страны. Кроме того, отмечается место лауреата ряда премий Абдувалиева в развитии традиционной музыки. Авторы статьи указывают на то, что исследование педагогической деятельности Б.Абдувалиева и его творческого пути является одной из важных задач музыковедения и педагогики. Наряду с этим, они отмечают роль творчества исполнителя народной музыки и его образцового педагогического мастерства в воспитании молодого поколения.

**Ключевые слова:** национальная традиционная музыка, исполнительское искусство народной музыки, оркестр, искусство, педагогическая деятельность

**Damilova N. A.**
Senior Lecturer
Osh State University
Osh c.
ndamilova@oshsu.kg
nuriyla.damilova@gmail.com
**Jumabaev B. S.**
Lecturer
Osh State University
Osh c.
**Ormonova G.**
Master's student
Osh State University
Osh c.

## PERFORMING AND PEDAGOGICAL ACTIVITY OF B. ABDUVALIEV

**Annotation**: This article talks about the life and creative path of B. Abduvaliev, a music teacher, komuz player, head of the folk orchestra "Saltanat", as well as about his peculiarities, the formation of his creativity, his performing and pedagogical activities. The successes of B.Abduvaliev in folk-music performance and pedagogical activity, his contribution to the development of culture of the country, the place of Abduvaliev, winner of a number of prizes, in the development of traditional music are also noted in this article. The authors of the article point out that studying B.Abduvaliev's pedagogical activity and his creative path is one of the important tasks of musicology and pedagogy. Along with this, the authors note the role of the folk music

performer's creativity and his exemplary pedagogical skills in the upbringing of the younger generation.

**Key words:** national traditional music, performing art of folk music, orchestra, art, pedagogical activity

Ата-бабалардан муундарга өтүп келе жаткан элдик маданияттын эң орчундуу орундарынын бирин ээлеген мурастардын бири – бул элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүн улантуу, анын өнүгүүсүн башкаруу, андан ары өнүктүрүү ишмердүүлүктүн формаларынын жана багыттарынын бири болгон тарбия берүүчүлүк жана билим берүүчүлүк жараяндары аркылуу ишке ашат [1].

Музыкалык-маданий мурасты сактоо, аны баалоо бул кайсы доор болбосун, андагы коомчулуктун милдети болуп эсептелет. Нукура элдик маданияттын эң маанилүү орундарынын бирин ээлеген элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү улуу муундардын дүйнөгө болгон көз карашын, салттуулуктун, баалуулуктун, адеп-ахлактуулуктун, нукуралуулуктун, нарктуулуктун философиясын өз мазмунуна сиңирген, анын негизинде топтолгон. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү – чыгармачылык ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү, кыргыз элинин маданий мурасы, аны сактоо, өнүктүрүү жана кийинки муундарга калтыруу коомчулуктун милдети. Бул багытта музыка таануучу,элдик музыканы изилдөөчү адистерге, музыкалык билим берүүчү педагогдорго өзгөчө жоопкерчилик жүктөлөт. Коомдун улуулардын нукура элдик музыкалык мурасын улантуусу, өнүктүрүүсү анын жаңы муундун ишмердүүлүгүнүн негизи катары эсептелип, андан орун алып калуусу десек болот.

Бул багытта кыргыз элдик мурасын сактоого, өнүктүрүүгө, жаш муунга үйрөтүүгө салым кошкон, мамлекеттеги билим берүү, адистерди даярдоодо орду жана ролу эбегейсиз, элдик музыкалык аткаруучулук өнөр менен билим берүүнү айкалыштыра алган адистер арбын. Музыкалык билим берүү тармагында эмгектенип, маданий жүктү аркалап, окуу жайдын, аймактын өз мүмкүнчүлүгүн эл аралык жана республикалык деңгээлде көрсөтүүсүнө, өлкөнүн коомдук тарбиялык , маданият тармагынын алдыга жылуусуна, билим берүүгө, келечек муунду тарбиялоого, келечек адистерди даярдоого өз салымын кошуп келе жаткан педагогдор ондоп саналат. Макалабызда ошондой чыгармачыл белгилүү адис, музыкалык аткаруучулук менен педагогдук ишмердүүлүктү бирдей алып кеткен ОшМУнун искусство факультетинин окутуучусу Абдувалиев Бекболоттун жасаган эмгектери, чыгармачылыгы, калыптануу жолу, өзгөчөлүктөрү, болочок музыка адисин даярдоодогу педагогдук чеберчилиги жана элдик музыкаларды аткаруучулук, аны иштеп чыгуу ишмердүүлүгү жөнүндө алгачкы иликтөөлөрүбүздү беребиз.

Бул макалада чыгармачыл өздүккө ээ болгон комузчу Абдувалиев Бекболоттун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар жыйналып, анализденет жана жалпыланат, жыйынтыктар чыгарылат. Макалабызда эмпирикалык (интервью алуу, анкета алуу, байкоо жүргүзүү, катышып байкоо жүргүзүү)изилдөө ыкмаларын колдонуу менен, архивден (мамлекеттик, регионалдык, кол жазмалар фонду) маалыматтарды топтоо аркылуу изилдөөлөрүбүздү жүргүздүк.

Макаланын актуалдуулугу кыргыз искусствосунун чоң бутагы болгон кыргыз салттуу музыкасына, билим берүүсүнө чоң салым кошкон инсан, ОшМУнун элдик музыкалык аткаруучулук өнөрдү айкалыштыра алган чыгармачыл педагогу Б.Абдувалиевдин өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндөгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү болочок музыка багытындагы

адистерге билим берүүдө мааниси чоң экендиги, өз устаттарынын жасаган эмгеги, чыгармачылык жолу, өзгөчөлүктөрү менен таанышуу алардын чыныгы кесипкөй адис катары калыптануусунда зарыл жараян экендиги, салттуу музыканын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон педагог-аткаруучу туурасында иликтөөлөрдүн жүргүзүлө электиги менен шартталган.

Абдувалиев Бекболот Осмоналиевич Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында 1964-жылы 22-ноябрда жарык дүйнөгө келген. Ош мамлекеттик окуу жайынын (азыркы Н. Борошов атындагы) кыргыз эл аспаптар бөлүмүн аяктаган, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Абдыкадыр Белековдон комуздан сабак алган. А.Белековдон комуз күүсүнүн сырларын, аткаруучулук чеберчиликти, ойноо ыкмаларын, элдик күүдөн көлөмдүү кара күүлөргө чейин үйрөнгөн. Ошондой эле залкар комузчулар КРдин эмгек сиңирген артисти С. Шабданов менен бирге иштешип, кароо-сынактарга бирге катышып жүргөнү анын кийинки өсүп-өнүгүшүнө чон таасирин берген [2].

Кыргыз эли өзүнүн башынан өткөргөн жашоо-турмушун, кайгы-кубанычын жана тарыхый басып өткөн жолун жазмасыз эле салт түрүндө оозеки музыкалык аспаптардын коштоосунда мундан-муунга өткөрүп, комуз, чоор, сурнай, темир ооз комуз, кыл кыяк сыяктуу музыкалык аспаптарды тээ байыркы замандан бери эле пайдаланып келген. Элдик музыкасы аркылуу кыргыз эли Азия элдерине гана эмес, дүйнө элине да чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Муну музыка таануу илиминде изилдөөчүлөр “элдик музыка”, “музыкалык фольклор”, “салттуу музыка” терминдери менен аташат. Элдик музыка – элдик көркөм өнөрдүн оозеки түрдө жашаган жана муундан муунга калтырылуучу руханий дүйнөсүнүн ажыратылгыс бөлүгү. Элдик музыканын туруктуу салттуулугу анын эң негизги аныктоочу белгиси [3]. Аны элдик чыгармачылыктын компоненти, кененирээк айтканда, музыка искусствосунун бутагы катары карасак болот. Салттуу музыка – улуттук музыкалык искусствонун башаты, музыкалык маданиятыбыздын өзөгү. Дал ушул улуттук өнөрдүн сакталып, андан ары өнүгүшүнө зор салым кошуп, чыгармачылыгын арнаган өнөр адамдары саналуу. Ошондой маданият өкүлдөрүнүн катарына биз сөз кылып жаткан элдик музыканы аткаруучу, комузчу жана үйрөтүүчү-педагог Б.Абдувалиевди да кошобуз. Ал – болочок адистерге билим берүүдө элдик музыкалык аткаруучулук өнөр менен педагогдук ишмердүүлүгүн бирдей алып кеткен маданият өкүлү.

Ал өз өмүрүн кыргыздын улуттук музыкалык фольклордук аспаптарын үйрөтүүгө арнап, салттык музыканын коштоосунда элдин рухий байлыгын калыптандырууда эбегейсиз эмгектерди жасады. Б.Абдувалиев кыргыз салттуу музыкасынын улантуучусу катары билгенин жаш муундарга үйрөтүү үчүн чоң эмгек жасаган педагог. Республикалык, эл аралык сынактарга катышып, талыкпаган эмгеги менен улутту тааныткан. Изденүүнүн үстүндө иштеп, улуттук аспаптардын дээрлик баарын өздөштүрүп, шакирттерине ар биринин партиясын жазуу менен бирге келечек муунга билим, тарбия берген. Чыныгы устат катары таанылган. Бекболот Абдувалиев сезимтал, эмгекчил, аракетчил инсан жана чыныгы профессионал педагог болгон. Кандай гана чыгарма аткарбасын, аны философиялык маанисине өтө кылдат көңүл бөлүп, күүнү жогорку деңгээлде черткен. Комузчунун репертуары өтө бай: элдик күү, дастан күү, айтыш күүлөрдөн программалуу классикалык кара күүлөргө чейин, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Ниязаалы, Токтогул, Коргоол залкар күүчү-комузчулардын куулөрүнөн толуктап турган.

КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, композитор Токон Чалапиновдон контрабас классын окуган. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыка

факультетин ийгиликтүү аяктап, окутуучулук кызмат менен катар Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониянын “Бек арстан”, “Насыйкат”, “Б.Мадазимов” атындагы кыргыз эл аспаптар оркестрлеринде жыйырма тогуз жыл оркестрдин артисти болуп кызмат кылат [4].

Б.Абдувалиев элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүн алып жүрүүчү, улантуучу жана ал өнөрдү үйрөтүүчү катары көп эмгек жасагандыгын өзгөчө белгилөөгө болот. Өткөн ар бир коомдук-массалык иш-чарада комузчулар ансамблин даярдап, филармонияда комузчулар ансамблин жетектөө менен болочок музыка адистерин окутуу ишмердүүлүгүн да жүргүздү. "Мурас" этнофольклордук тобунда эмгектенди. Аталган топ менен Самарканд шаарында өткөн “Sharg Taronalari” эл аралык фестивалына катышып, “Көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгү” сыйлыгына ээ болгон. Б.Абдувалиев мындай чыгармачылыкты педагогдук ишмердүүлүк менен айкалыштырып, болочок адистерге музыкалык билим берүүдө өзгөчө эмгек жасады. Ал чыгармачылык менен билим, тарбия берүүнү жогорку деңгээлде айкалыштыра алган агартуучу катары белгилүү. Анын демилгеси менен “Салтанат” фольклордук ансамбли 1990-жылдан окуу жайдын алдында окуу оркестри катары уюштурулган. Бул ансамблдин катышуучулары таланттуу жана окуунун алдыңкы студенттери болушкан. Ансамбль окуу жайда, шаарда, аймакта өткөрүлгөн маданий жана концерттик иш-чараларга активдүү катыша баштайт. Фольклордук ансамблдин негизги максаты өсүп келе жаткан жаш муундарга кыргыз эл чыгармачылыгын жана элдик музыкасын кеңири жайылтуу болгон [5].

Ансамбль Бишкек шаарында өткөн “Ала-Тоо жазы – 2005” студенттик фестивалында II даражадагы диплом менен сыйланган, таланттуу студенттердин “Сулайман-Тоо жазы – 2010” фестивалында 1-орунду ээлеген. Ошол эле жылы М. Күреңкеевдин 150 жылдыгына жана А. Огомбаевдин 110 жылдыгына арналган “Тогуз кайрык” аттуу комузчулардын тандоо турунда активдүү катышкандыгы жана өзгөчөлөнгөндүгү белгиленген. 2012-жылы ансамблге “Эл ичи өнөр кенчи” республикалык конкурсуна катышуу үчүн сертификат-сунуштама берилген.

2015-жылы Казакстандын Шымкент шаарынан Кыргыз этносунун тили, маданияты жана салт достугу күнүнө карата атайын чакыруу келип, ага активдүү катышкан. ”Салтанат”фольклордук ансамблин көрүүчүүлөр жана угуучулар дайыма зор кызыгуу жана колдоо менен кабыл алышат. Ансамбль нукура элдик сүйүүчүлөрдүн жана элдик чыгармачылыкты баалоочулардын арасында чоң популярдуулукка жана сыйга жетише алды. “Салтанаттын” репертуарында негизинен кыргыз элинин нукура улуттук колоритиндеги чыгармалар басымдуулук кылат [4].

Ансамбль “Бек-Арстан”, “Боз инген”, “Мезгил жаңырыгы”,”Ата толгау”, “Боз жорго”, “Саринжи Бөкөй”, ”Маш ботой”, “Ак-Бакай”, “Миң кыял”, “Кара өзгөй”, “Ак тамак, көк тамак”, ”Сары барпы”, “Бала кербез”, ”Чайкама” сыяктуу жана башка кыргыздын улуу күүлөрүн аткарган [5].

Анын репертуарында элдик күүлөрдөн тарта, кыргыз композиторлорунун жана обончуларынын чыгармаларына чейин болгон. Ошондой эле ансамблдин коштоосунда элдик ырлар, кыргыз элинин улуу композиторлорунун жана обончуларынын ырлары, мисалы,”Сары ой”, “Ак кептер”, “Аппак сүйүү”, “Сагынарым”, “Эсиндеби”, “Таң сыры”, “Талым кыз менен Көбөктүн айтышы”, “Даткайым”, “Сулуулар болсо, бир болсо”, “Кыргыз бийи”, “Таарыныч”, “Атама”, “Жалжалым”, “Мен ашык”, ”Чериң жазылат”, “Курбуларга”, “Ошту неге сен сагынбай жүрөсүң”, “Сенсиздикке көнөрмүн”, “Аяп сүйгөм” жана башка ырлар жаңырып келет.

Коомдогу өзгөрүүлөргө жараша элдин салттык музыкага болгон түшүнүгү, көз карашы барган сайын башка өңүткө бурулду. Мында өзүнчө чыгармачылык системага мүнөздүү маданият, искусство, музыка окуу жайларынын жана музыкалык-маданий мекемелеринин чыгармачыл топтору эң негизги ролду ойнойт. Элдик чыгармачыл жамааттардын, топтордун түзүлүүсү жана ишмердүүлүгүн жүргүзүүсү өлкөбүздөгү музыкалык маданияттын өнүгүүсүнө багытталган маданий-агартуучулук иштерди жүргүзүүгө салым кошуп келет. Ошону менен бирге элдин музыкалык дүйнө таанымын кеңейтүүгө, ошондой эле, музыкант-аткаруучулардын эл аралык деңгээлдеги маданий иш-чараларга катышуусуна жол салат. Мындай топтордун түзүлүүсү ишмердүүлүктүн бир түрү жана музыка маданиятынын элементтеринин бири катары учурдагы жалпы коомчулуктун руханий маданиятын калыптандырып, өнүктүрүүчүсү катары салымы чоң экендигин белгилөөгө болот. Ошондой эле өлкөнүн, аймактардын атынан кароо-сынак, иш-чараларга катышуу менен агартуучулук кызмат аткарып келет. Мындай иш-чаралар элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн калыптануу процессинде, элдик музыкант-аткаруучулардын чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн жандандырууга жана кеңейтүүгө өбөлгө түзүүдө [6].

“Салтанат” фольклордук ансамблин Ош мамлекеттик университетинин музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасынын доценти, Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы, ”Тоо жаңырткан комуз күүлөрү” сынагынын баш байгесинин,” Эл ичи-өнөр кенчи” республикалык сынагынын алтын медалынын жана Ы. Туманов атындагы сыйлыктын ээси Б.Абдувалиев жетектеген. Анын “Салтанат” ансамблин уюштуруусу, жетектөөсү окуу процесси менен тыгыз айкалышта иш алып баруусу көп мүмкүнчүлүктөргө жал ачкан. Болочок адистердин арасында чыныгы таланттардын чыгармачылыгын өнүктүрүүсүнө өбөлгө болгон. Ошентип, Б.Абдувалиев элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсүн башкарууну, өнүктүрүүнү тарбия берүүчүлүк жана билим берүүчүлүк процесси аркылуу жүргүзгөн. Башкача айтканда, музыкалык билим берүү чыгармачылык менен айкалышта, аткаруучулук педагогдук ишмердүүлүктү тыгыз алып баруу менен ишке ашкан.

Ал фольклордук ансамблди жетектөө менен бирге оркестр үчүн чыгармаларды иштеп чыккан жана өзү да чыгармаларды жараткан.

Б.Абдувалиев билим берүүдөгү жана чыгармачылык чөйрөдөгү ишмердигинде жараткан ийгиликтери, жетишкендиктери үчүн бир топ облустук, республикалык, эл аралык сыйлык, наамдарга ээ болгон. Мисалы, 2002-жылы Эл аралык Тоолор жылына карата Ош облусттук маданият департаменти тарабынан уюштурулган “Тоо кайрыктары” аттуу комузчулардын облустук кароо-сынагында баш байгенин ээси болгон. 2005-жылы “Эл ичи өнөр кенчи” республикалык элдик көркөм өнөрүнүн биринчи салттуу кароо-сынагынын лауреаты, комузчулук өнөрүн аткаруудагы жогорку чеберчилиги үчүн лауреаттык наам жана Ыбрай Туманов атындагы сыйлык ыйгарылган. 2006-жылы музыкалык искусствонун өнүгүшүнө кошкон көп жылдык эмгеги үчүн Маданият министрлиги тарабынан Ардак грамота менен сыйланды. 2007-жылы Маданият министрлиги тарабынан Маданияттын мыкты кызматкери төш белгиси менен сыйланды. Маданият тармагында көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн Ош облустук мамлекеттик администрациянын Ардак грамотасы менен сыйланган. Өзбекстан мамлекетинин “Sharg Taronalari “ эл аралык фестивалынын катышуучусу. Муратаалы Күренкеевдин 150 жылдыгына, Атай Огонбаевдин 110 жылдыгына арналган “Тогуз кайрык” комузчулардын республикалык сынагында Ардак грамота менен сыйланган. Белоруссия мамлекетинин “Достук маданияттык борбор” аттуу

фестивалына катышып, ыраазычылык кат менен сыйланган. II Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына жигердүү катышкандыгы үчүн, мыкты чеберчиликти көрсөткөндүгү үчүн “Салтанат” фольклордук тобу да бир топ сыйлыктар менен сыйланат(Жетекчиси Абдувалиев Бекболот Осмоналиевич).

Бекболот Абдувалиевдиин дүйнөлүк музыканын генийлери Моцарт, Бах, Бетховен, Гендаль, Чайковский жана башка композитордун чыгармаларын өзү контрабаста ойноп, аткара билгендиги анын усулчу-педагог, комузчу-аткаруучу катары калыптанышына, комузду аткаруучулук чеберчилигине, талантынын, чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө таасир эткен. Ошондой эле анын терең профессионалдык фундаменталдуу билими чыгармачылыгынын, педагогдук чеберчилигинин өнүгүшүндө негизги орунду ээлеген [7].

Бекболот Абдувалиедин башка комузчулардан өзгөчөлүгүнүн бири катары бардык жанрларды бирдей өздөштүргөндүгүн, кайсы жанрдагы күүнү болбосун аны жогорку деңгээлде черткен, репертуары бай комузчу болгондугун белгилесек болот. Ал комуз , кыякты бирдей жогорку деңгээлде ойногон, темир ооз комуз контрабас оркестрдик кыяк, домбра, кобызын, урма жыгач, ооз комуз, чоор, чопо чоор жана башка кыргыз улуттук аспаптарын өздөштүргөн. Б.Абдувалиев салттуу музыканы өнүктүрүүдө, шакирттерди тарбиялоодо бир топ иштерди жасады. Анын өзү жараткан күүлөрү жөнүндө изилдөө да өзүнчө кайрыла турган маселе экендигин белгилейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, ар кыл мүнөздөгү салттуулук менен жаңычылдык айкалышкан күүлөрдү жаратканы анын жеке өздүккө ээ болгон салттуу музыканын өнүктүрүүчү өкүлү катары белгилөөгө негиз болот. Б.Абдувалиев окутуучу катары искусство тармагындагы студенттерге, окуучуларга музыкалык билим, тарбия берип келди. Ошондой эле жашоонун ар түрдүү көрүнүштөрүн күүгө салып, кыргыз фольклордун өркүндөп-өсүүсүнө чоң салым кошту. Ансамбль, оркестр үчүн күүлөрдү, музыканы чеберчилик менен иштеп чыкты. Көптөгөн сынак, фестивалдардын лауреаты, Гран При сыйлыгынын бир нече жолку ээси, дүйнөлүк аренадагы иш-чараларга катышуу менен улутту таанытууга салым кошкон Б.Абдувалиев тарбиялаган музыка багытында бир топ студент, окуучулардын, өнөр адамдарынын тобу өзүнчө чыгармачыл мектепти түзөрүн белгилей кеткенибиз максатка ылайыктуу. Мисалы, XXI кылымдын, бүгүнкү күндүн Карамалдосу, чыныгы профессионал виртуоз комузчу Дүйшөнбек уулу Закирбектей шакирттерди тарбиялаган.

Б.Абдувалиев тарбиялаган жөндөмдүү болочок адистер анын чыгармачыл жолун улантып, күүлөрүн иштеп чыккан. Бекболот Абдуваливдин өмүр жолу, чыгармачылыгы кийинки муун үчүн үлгү. Аны изилдөө, жаштарга үйрөтүү өсүп келе жаткан чыгармачыл жаштарды адеп-ахлакка тарбиялоодо, чыгармачылыгын өстүрүү, анын үстүндө иштей билүүгө үйрөтүүдө мааниси чоң. Бүгүнкү коомдо кыргыз салттуу музыкасын сактоого, өркүндөтүүгө, келечек муундарды руханий байлыкка аяр мамиле жасоого, улуттун көрөңгөсү болгон салттуу музыканы баалоого тарбиялоодо чыгармачыл педагог жөнүндө билүүнүн ролу эбегейсиз чоң. Б.Абдувалиевдин элдик музыкалык аткаруучулук өнөрдү үйрөтүүдөгү педагогдук ишмердүүлүгүнүн да орду өзгөчө баса белгилөөгө арзыйт. Ошондуктан, Б.Абдуваливдин өмүрү, чыгармачылык жолу, анын калыптануусу, өзгөчөлүгү, чыгармачылыкка айкалыштырган педагогдук ишмердүүлүгү жөнүндө изилдөөлөрдү жүргүзүү учур талабы экендигин белгилейбиз.

**Адабияттар:**

1. Алагушов Б. Кыргыз музыкасынын тарыхынан. [Текст] Фрунзе-Мектеп, 1989 – С. 350
2. Алагушов Б. Кыргыз музыкасы: Энциклопедиялык окуу куралы / – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004 – 400 бет.
3. Алагушов Б. Кылымдарды жылоологон күүлөр [Текст] – Фрунзе 1980. – С. 400.
4. Абдувалиев Б. "Салтанат" автордук жана ансамбаль үчүн иштеп чыккан чыгармалар жыйнагы. "Полиграфбумресурсы",2019. – 320-бет.
5. Абрамзон С.М. Очерки культуры кыргызского народа [Текст] Фрунзе 1946-500(Абрамзон, 1946, – 500-б.)
6. Муратбек К.. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөр мурасынын тарыхый-маданий баалуулугу /Известия НАН КР, 2022, №2
7. https://who.ca-news.org/people:22488

**Рецензент: ОшМУнун музыкалык тарбиялоонун усулу,**
**теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасынын башчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты, доцент Боронбаев А.**